**КАСЫМОВА Г.А.,**
*С. Нааматов ат. НМУ*

# Э.М.МАМБЕТАКУНОВ - С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН АРДАКТУУ ПРОФЕССОРУ

Педагогика илимдеринин доктору, профессор, УИАнын корреспондент-мүчөсү, КРнын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Э.М.Мамбетакуновдун физикалык билим берүүнүн теориясы жана практикасы, дидактика, кесиптик педагогика тармагына кошкон салымы зор.

Э.М.Мамбетакуновго С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин № 6 06.02.2015-ж. чечиминин негизинде Ардактуу профессору наамы ыйгарылган. Ошондой эле аты аталган окуу жайдын Педагогикалык факультетинде Педагогика жана окутуунун технологиялары кафедрасынын базасында бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштерин жазуусуна жана жаш окумуштууларга илимий изилдөө ишинде методикалык жардам көрсөтүү максатында п.и.д., профессор Э.М. Мамбетакунов атындагы окуу-методикалык кабинет уюштурулган.

Нарын мамлекеттик университетине Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабры, № 786 токтомунун негизинде профессор Э.М. Мамбетакуновдун демилгеси менен окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу С.Нааматовдун наамы ыйгарылган. Мына ошол наамдын ыйгарылуу тарыхына кайрылсак. Эң алгач кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал коомдук ишмерлери, окумуштуулары, алсак, Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор- Д.Асанов; КР эмгек синирген ишмер, КР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты- С.Мусаев; п.и.к., эл агартуунун ардагери- Ж.Койчуманов; КРнын маданиятына эмгек синирген ишмер, КР ЖКнин 6 жолку депутаты- Ж.Турсунов; п.и.д., профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек синирген кызматкер- А.Осмонкулов; п.и.к., профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек синирген кызматкер- М.Койчуманов; филол.и.д., профессор,УИАнын корреспондент-мүчөсү, КРнын илимине эмгек синирген кызматкер- А.Садыков; п.и.д., профессор, УИАнын корреспондент-мүчөсү, КРнын илим жана техника жагындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты- Э.Мамбетакунов ж.б. 2009-жыл. "Кыргыз туусу" гезитинин 3-апрелиндеги № 24 (23314) санына ошол кездеги КРнын Президенти К.С.Бакиевге, премьер-министр И.В.Чудиновго, КРын Жогорку Кенешинин төрагасы А.Тагаевге **Ачык кат** менен кайрылышкан.

Окумуштуу-агартуучу С.Нааматовдун ысымын НМУга ыйгаруу боюнча демилгенин башында турган профессор Э.М.Мамбетакуновдун дарегине төмөндөгүдөй жооптор келип түшкөн:

I. КР Президентинин Администрациясы: "Сиздин, Президенттин Администрациясына жиберген катыныз КРнын билим берүү жана илим министрине жөнөтүлгөн жана каралып жатат"- жооп беришкен.

II. Билим берүү жана илим министрлиги КРнын Президентинин 18.04.2008-ж. №137 Жарлыгы менен бекитилген "Кыргызстандын көрүнүктүү ишмерлеринин ысымын түбөлүккө калтыруу боюнча комиссия жөнүндөгү" Жобого жана КРнын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 13-беренесине ылайык каралышы үчүн Министрликке:

1.Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин чечими;

2.Нарын мамлекеттик университетинин эмгек жамаатынын демилге каты;

3.Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын жана Нарын шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын расмий макулдуктары;

4. Сунуш кылынып жаткан инсандын өмүр баяны жана иши жөнүндө ырасталган маалыматтар, архив материалдары (нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн);

5.Ар кандай жолдор аркылуу аныкталган коомдук пикирлер;

6.Географиялык аталыштар боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын корутундусун беришкенден кийин материалдар КРнын Өкмөтүнүн Аппаратынын кароосуна жөнөтүлөт.

Буга байланыштуу Министрлик арыз берүүчүлөрдөн кайрылуулардын жогоруда аталган документтер менен толукталышын өтүнөт-деп НМУга билдирүү жиберишкен.

III. Билим берүү жана илим министрлиги менен катар эле маданият жана маалымат министрлиги репрессияда курман болгон коомдук ишмер жана тилчи С.Нааматовдун атын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу жөнүндөгү Нарын облустук мамлекеттик администрациясына кат жолдоп, Нарын облустук мамлекеттик администрациясында каралгандан кийин, кандай чечимге келгендигин тактап иш жүргүзөбүз- деп билдиришкен.

Окумуштуу-насаатчы С.Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу маселеси ошол кездеги аты аталган университеттин ректору профессор А.А.Акматалиевдин төрагалыгы астында 12-июнь 2003-жыл №8/3 Окумуштуулар кеңеши:

1. С.Нааматовдун кыргыз билим берүү тармагына, сабатсыздыкты жоюга, орто мектептерге политехникалык билимдерди киргизүүгө, кыргыз тилин жана аны окутуунун методикасын өнүктүрүүгө кошкон зор салымы шексиз жана бул факт С.Нааматов тарабынан 1929-1938-жж. чыгарылган 40тан ашык илимий жана илимий-методикалык эмгектери менен далилденет.

2. 1938-ж. "революцияга каршы түзүлгөн, Социалисттик-Туран партиясынын активдүү мүчөсү катары жана Кыргыз ССРинин Наркомпросунун методисти катары революцияга каршы идеяларды окуу китептерине кеңири киргизгени" үчүн деген жалган күнөө менен 32 жашында репрессияга кабылып, атылып жана 1956-ж. өзүнүн кесиптештери, пикирлештери К.Тыныстанов, И.Арабаевдер менен кошо акталган С.Нааматовдун ысымын, жасаган эмгегин, илимий жетишкендиктерин калың элге жеткирүү Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп белгиленип жаткан 2003-ж. зор актуалдуулукка ээ экендиги белгиленсин.

3. Белгилүү агартуучу С.Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетине ыйгаруу жөнүндө маселе туура жана зор тарбиялык мааниге ээ деп табылсын - еген чечимди Эл депутаттарынын Нарын облустук кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигине жолдошкон.

Ошол эле мезгилдеги Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы губернатор А.М.Салымбековго, Нарын облустук кеңешинин төрагасы К. Акматбековго: "Заманыбыздын белгилүү агартуучусу, окумуштуу-педагог, сабатсыздыкты жоюну илимий жана практикалык жактан ишке ашыруунун демилгечилеринин жана агартуучуларынын бири, эне тили жана аны окутуунун методикасын калыптандыруучу, 40тан ашык (1928-1935-жж.) илимий методикалык, адабий-хрестоматиялык эмгектердин автору, репрессия учурунда күнөөсүз атылып, кийин 1956-ж. өз кесиптештери жана пикирлештери К.Тыныстанов, И.Арабаевдер менен кошо акталган С.Нааматовдун ысымын Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2003-ж. 12-июнундагы № 8/3 чечимин толугу менен колдойбуз. С.Нааматовдун аз өмүрүндөгү илимий, агартуучулук, методикалык, коомдук эмгектери бул баага татыктуу экендигин белгилейбиз"-деп илимдин докторлору, профессорлор Н.И.Ишекеев, А.О.Осмонакунов, Б.О.Өмүралиев, Э.М. Мамбетакунов, А.С.Садыков, К.Асаналиев, Л.А.Шейман ж.б. кат жолдошкон.

Мына ушундай талыкпас эмгектин натыйжасында КР билим берүү жана илим министрлигинин Э.М.Мамбетакуновдун дарегине жолдонгон катта көрсөтүлгөн 6 пункт менен көрсөтүлгөн документтерди топтоп, демилгечилер топтун башында турган Э.М.Мамбетакуновдун Нарын мамлекеттик университетине окумуштуу-агартуучу, жазуучу-котормочу С.Нааматовдун наамы ыйгарылышында эмгеги зор экендигин белгилеп кеткибиз келет.

**Адабияттар**


1. Өмүрзаков Ө. Сатыбалды Нааматов көрүнүктүү окумуштуу. Б.: 2010. -40 б.
2. Мамбетакунов Э., Кадыров Ы. Сатыбалды Нааматов. –Б.: 2010. -164 б.